
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ТУРДУГУЛОВ
nbknu@mail.ru

# УЧУРДАГЫ УЛУТТУК АДАБИЯТТЫН ГЕНЕЗИСИ: ЖАРАЛУУ, КАЛЫПТАНУУ, ӨСҮҮ ЭВОЛЮЦИЯСЫ

Ар кандай улуттун адабиятын, маданиятын изилдөөдө, анын генезисин: жаралуу, калыптануу эволюциясынын мерчемдүү этаптарын аныктоодо жалпы кабыл алынган теориялык жана методологиялык принциптер бар. Ал принциптердин негизинде тигил же бул талаш маселелерди баалоонун, тактоонун ордуна коюнун критерийлерин иштеп чыгууга болор эле. Асыресе, сөз кыргыз улуттук адабиятынын генезиси, анын жаралуу, калыптануу эволюциясындагы бири-экинчисине окшобогон, бирок, бирин-экинчисин толуктап, улантып, андан ары өнүүгүсүнө өбөлгөлөрдү түзүп отурган негизги этаптар жөнүндө сөз болгону он. Ириде, улуттук адабияттын тарыхын үч ири этапка бөлүштүрүп, элдик оозеки адабияттан эл ырчыларынын чыгармачылыгына(акындык поэзия), андан XX кылымдын башында жаралган жазма профессионал адабиятка карай өсүп отурган этаптарды гана эске алып келингенин эстеп көрөлү. Муну бери дегенде улуттук адабияттын тарыхын изилдеген авторлордун эмгектеринен окуйбуз, токсонунчу жылдарга чейинки окуу программаларында да, окуу китептеринде, монографияларда да ушинтип окутту. Сонку 15-20 жылда бул маселеге башка өнүттөн карап, мамиле жасоо аракеттерин жокко чыгарууга болбойт. 2002-жылы жарык көргөн «Кыргыз адабиятынын тарыхынын» жети томдугунун академиялык басылмасы бул маселеге жаны өнүттөн караган эмгек болуп калды. А түпкүлүгүндө улуттук адабияттын тарыхы ошол үч этап (мезгил) менен гана иштеле бербеши ошол кайрадан каралып, башка өнүттөн мамиле жасалганда гана көрүнөт окшобойбу. Маселенин реалдуу абалы мындай эмес экендигин төмөнкү схема көрсөтүп көрөлү:




Демек, улуттук адабияттын тарыхын буга чейинкидей үч эмес беш этаптан турган узак тарыхы бар адабият катары караганыбыз он. Талаш жок, бул этап, мезгилдер бири-экинчиси менен тыгыз байланышта, уламалуулук (преемственнотъ) принцибинде өнүгүп отурду да улам мезгил өткөн сайын бирин-экинчиси толуктап, а кээде бири-экинчисине орун бошотуп берип, ошонусу менен адабий процесстин калыптанып, өсүп-өнүгүп, оожалып олтурган кыймылдагы динамикасын шарттады. Эволюциялык мындай өнүгүү

мазмундук жана формалык, тематикалык жана поэтикалык, жактан көркөмдүүлүк өзүнөн мурдагы этап жете албаган бийиктиктерден алып отурду. Ырас бул этаптардын ар бирин өзүнчө бөлүп карасак деле ар бири өзүнчө турган көркөмдүк-эстетикалык феномен, өзүнчө сөз кылууга арзырлык көрүнүш (явление) экендигин танууга болбойт. Азыркы биздин милдетке булар кирбейт, маселе башкада.

***Биринчи этап.*** Дегинкиси, ар кандай улуттун оозеки адабияты ошол элдин этнос катары жаралып, өзүнүн тилине, салт-жөрөлгөлөрүнө ээ болуп, кадимкидей түтүн булатып жашай баштаган көөнө мезгилдеринде эле оозеки формада пайда болот. Мейли оозеки түрүндө жаралган  андай адабият көркөмдүүлүктүн биз талап кылып көнүп калгандай анчалык жогорку деңгээлде болбогондур (балким ошончолук примитивдүү деңгээлде болгондур), ошентсе да, алар ошол элдин, этностун оозеки маданиятын көрсөтүп, не табияттын ар кандай сырдуу күчтөрүнө каршы туруууда болсун, не келечектен күткөн үмүт-тилегинин орундалышына ишеним артууда болсун, ошол элдин оозеки формада жаралган көөнө адабий мурасынын мыкты үлгүсү болуп калды. Эгерде кыргыз улутун өзүнчө жашоо мүнөзүн күткөн этнос катары биздин заманга чейинки 3-1 мин жылдыктарда жаралган деген этнологиялык факт, далилдерди жетекчиликке алсак, анда биздин улуттук адабиятынын (оозеки формадагы) генетикасы жаралуу мезгили да ошол мезгилге туура келет. Ошентип, жаралып узак мезгилге укук алган оозеки адабият элдин «…кылымдар бою билгени менен көргөнүн көркөм баянга айландырып, оозеки сактап, укум менен тукумуна ошол ооз жүзүндө өткөрүп келүүгө мажбур болгон кыргыздар ошол оозеки адабияты уникалдуу казынанын-эстин, башынан кечирген урунттуу учурларынан кабар берген тарыхтын, коомго ар бир инсанга моралдык, укуктук жүрүм-турум эрежелерин туюндуруучу юридикалык жыйнактын, тарбия берүүчү куралдын, он-терс, жакшы-жаман жөнүндөгү түшүнүктөрдү чечмелеген туюнтманын жана башка жашоо-тиричиликтин көп кырдуу зарылдыктары үчүн пайдаланууга боло турган энциклопедиялык мазмундагы «китептин» милдетин аткарып келген».[1]

***Экинчи этап.*** Эволюциянын, өсүп-өнүгүүнүн жолу ар дайым кыймылда болгон сыяктуу тигил же бул этностун оозеки түрүндөгү адабияты ошол оозеки бойдон эле бир орунда тура бербейт. Өзүнүн ордун башка бир көркөм системага бошотуп бербесе да эл турмушунун тарыхый өнүгүүсү жаны бир көркөм системанын жаралышын шарттайт. Ошентип тарыхый аренага таш бетине түшүрүлгөн маданий системанын келиши улуттук адабияттын тарыхындагы экинчи этаптын–Орхон Энесай жазма поэтикалык эстеликтердин (адабий мурас катары) жаралышына өбөлгөлөр түзүлдү. Ырас жазма-сызманын жаралышына ошого ылайык тарыхый шарт, өбөлгөлөрдүн болушун талап кылат. 6-7-кылымдардагы түрк каганатынан бөлүнүп Улуу кыргыз дөөлөтүнүн (мамлекетинин) тарыхый аренага чыгышы анын цивилизациялык турмуш кечириши ошондой өбөлгөлөрдүн бир фактору болуп берди. Таш беттериндеги «кичи жазуу», «чон жазуу» деп аталган жазма эстеликтер, күмбөз бетиндеги эпитафиялык жазуулар, Энесай дарыясынын боюндагы Алтай, Саян тоо кыркаларынын беттериндеги жазма мурастар кыргыз улутуна тиешелүү экендиги эчак далилденген айныгыс факт эмеспи. Демек, улуттун тарыхындагы мындай доор, мезгилди анын адабияты менен маданиятындагы этабы катары караого неге болбосун. Ошол эле мезгилде өзүнчө көркөм система болгон оозеки адабият өз өмүрүн токтотуп койгон жок, андай болушу мүмкүн эмес эле. Оозеки маданият менен жазма маданияттын ширелишип айкашуусу, синхрондолушу, трансформация-ланышы көркөмдүк жактан жаны бийиктиктерди багындырышына экөөнө тен шарт, өбөлгө материал болуп берет.

***Үчүнчү этап.*** Оозеки адабияттын кыртышынан өнүп чыккан эл ырчыларынын адабий мурастары ошол бирин-экинчиси улантып, толуктап отурган, мезгилдик жана мейкиндик жактан трансформацияланган жаны бир көркөм системанын жаралышын шарттады. Бул улуттук адабияттын тарыхындагы  үчүнчү этап-акындык поэзия эле.

---

[1] Кыргыз адабиятынын тарыхы. -  I том: Фольклористика.- Бишкек: Шам, 2002.- 3-4-беттер

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

«Элимде эки бала бар, экөөнү бирдей каранар, эгип койгон теректей, экөөнүн бо барабар. Калкымда эки бала бар, көркөмү бирдей каранар, капталда бүткөн кайындай, кагелес бою барабар» сыяктуу оозеки формадагы салттуу поэзияны жаны ладга трансформациялаган  төкмөлүк өнөр улуттук адабияттын жаны бийиктиктерге багыт алышына өбөлгө түзө алды. Көркөм чыгарма жаратуу темасы боюнча синкреттүү мүнөзгө ээ болгон акындык өнөр улуттук адабияттын гана эмес улуттук маданияттын да, көркөм өнөрүнүн да (искусство) жаны тилкесин жаратты деп айтууга негиз бар. Акындык поэзия ошол төкмөлүктөн  башка, оозеки формада көркөм мурас калтырган импровизациялык өнөрдөн башка цивилизациянын фактору болгон жазма поэзияны да мезгилдер аралык трансформациялады. Көркөмдүк эки системанын интеграцияланышы так ушул акындык поэзияда жатат. Сөз жазгыч акындардын адабий мурастары жөнүндө баратат. Жазгыч акындар өз заманынын, мезгилинин билимдүү адамдары гана болбостон, ырларын жаза билген, ал жазылгандарды улам ондоп, редакциядан өткөрүп, көркөмдүүлүгүн жогорулатып, оозеки поэзиядан жазма поэзияга өтүүдөгү байланыштыргыч көпүрө сымал эки башка системаны интеграциялап гана тим болбой, бир элдеги, улуттагы поэтикалык мурасты экинчи бир элге, өзүнүн улутуна аралаштырып, араб-фарсы, иран, чагатай талдериндеги чыгыш классикалык поэзиясын өздөштүрүп, өз улуттун адабияты менен маданиятына аралаштырды. Кол китептерди даярдоо менен кыргыз улуттук тажрыйбаны башка улутка жеткире алышты. Үстүртөн сомолоп алып айтканда улуттук адабияттын тарыхындагы үчүнчү этап (мезгил) болгон акындык поэзия мына ушунусу менен тарыхтагы үзүлбөс чынжырдын бир звеносун түзүп турат.

***Төртүнчү этап.*** Улуттук адабияттын өнүгүү эволюциясында төртүнчү этап (мезгил) - орто кылымдардагы орток түрк адабий мурастар. Тарыхый өнүгүүдөгү бул мезгил өзүнүн уникалдуулугу менен, кайталангыстыгы менен башка этаптардан айырмаланган касиет-белгилерди өз боюна синирип алганын көрүүгө болот. Башкасын айтпаганда да өздөрүн «түрк уруулары» деп атаган  жыйырмадан ашык уруулардын, элдердин интеграцияланган, жуурулушкан, синтезделген көркөм мурастары мазмундук жана формалык, идеялык жана тематикалык жактан, көркөмдүүлүк поэтикасы боюнча да буга чейин болуп көрбөгөн бийиктиктерге көтөрүлүп, бүткүл адамзат, дүйнөлүк бүткүл адамзат, дүйнөлүк адабий процесстен Чыгыш Ренессансы катары маанилүү ордун алды. Орток түрк адабий мурастар башка түрк уруулары сыяктуу эле кыргыз уруусуна да бирдей тиешелүү экендигин жанталаша далилдеп отуруу ашык нерсе. Улуттук адабияттын кыртышындагы үрөн анын генетикасын түзүп турган, пайдубалын түптөгөн оозеки адабият орто кылымдарда деле жашоосун токтотуп койбой, улам тематикасы байып, эл оозунда дале жашап жатты…

***Бешинчи этап.*** ХХкылымдын  биринчи чейреги улуттук адабияттын узак мезгилдик тарыхында ири бурулуштардын мезгили болгону белгилүү. Өзүнүн өнүгүү эволюциясындагы жаны доордун, этаптын башталышы буга чейин далилденип келгендей 1924-жылдын 7-ноябрындагы кыргыз тилинде жарык көргөн биринчи гезиттин шарапаты менен гана байланышпайт. Ага чейин эле жазма-сызмасы калыптанып калган эл социалисттик идеологиянын андай жапакеч боор тарткан жылуу мамилесине муктаж деле эмес болчу. Башкасын кое туруп Молдо Кылычтын 1911-жылы Уфадан басылган «Киссаи-Зилзала», И.Арабаевдин 1913-1914-жылдары түзгөн араб тамгасындагы кыргыз тилинин алиппеси, Осмонаалы Сыдык уулунун 1913-жылы Уфадан чыккан «Мухтасар тарых киргизиа», 1914-жылы чыккан «Тарых кыргыз шадманиа» санжыра китептери, Октябрь төнкөрүшүнө чейин эле бирин-экин ыр ангемелерин жарыялап жүргөн Жумадыл Түлөкабылов, Орозакун Элепесов, Байсерке Калпаков, Исамүдин Кудайбергенов, Зыйна Элепесова, Сыдык Карачев, Касым Тыныстанов сыяктуу ХХ кылымдагы профессинал жазма адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармачылыгын эстесек жетиштүү болгудай. Ырас Октябрь революциясынын пролетардык идеологиянын эпкини менен кыргыз адабияты менен маданиятынын, агартуу тармагынын жаны тепкичке көтөрүлгөнүн, анын шарапаты көркөм маданиятка болгон мамиленин өзүн өзгөрткөндүгүн тануу кыйын. ХХ кылымдын

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

биринчи чейреги оозеки чыгармачылыктын да коомдук турмушка активдүү аралашып жүргөнүн жокко чыгарбайт. 20-жылдардын жазма профессионал адабияты өзүнүн телчигүү, калыптануу мезгилинде дале болсо фолклордун традицияларга, оозеки адабияттын, акындык поэзиянын тажрыйбаларына дале болсо муктаж эле.

Адабий процесстин өнүгүү мыйзам ченеми ушуну ырастайт: ал өзүнөн мурдагы адабий мурастарды четке какпай, тескерисинче, анын жакшы тажрыйбаларына, таянуу менен улам илгерилеп, телчигип жаны муундагы мурастарды жаратып отурат. Ар кандай нерсенин эволюциялык өсүшү ушул табият мыйзамын жетекчиликке алып келген.

**Адабияттар**:

1.Кыргыз адабиятынын тарыхы. - I том: Фольклористика.- Б.: Шам, 2002 ж.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com